КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ

ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК

2024-жылдын 11-сентябры № 148 Бишкек шаары

## “Кара-Көл жылуулук менен жабдуу” муниципалдык ишканасына жылуулук энергиясын өндүрүү, сатуу жана бөлүштүрүү боюнча ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу укугуна лицензияларды берүү жөнүндө

“Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 9, 15 жана 18-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 14-декабрындагы № 678 токтому менен бекитилген ишмердүүлүктүн айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө жобонун 11-бөлүгүнө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого ылайык, отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча комиссиянын 2024-жылдын 20-сентябрындагы отурумунун № 08/49 протоколун эске алуу менен **буйрук кылам:**

1. “Кара-Көл жылуулук менен жабдуу” муниципалдык ишканасына жылуулук энергиясын өндүрүү боюнча ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу укугу менен лицензия берилсин (Серия I Департамент ТЭК № 000109).

2. “Кара-Көл жылуулук менен жабдуу” муниципалдык ишканасына жылуулук энергиясын сатуу боюнча ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу укугу менен лицензия берилсин (Серия I Департамент ТЭК № 000110).

3. “Кара-Көл жылуулук менен жабдуу” муниципалдык ишканасына жылуулук энергиясын бөлүштүрүү боюнча ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу укугу менен лицензия берилсин (Серия I Департамент ТЭК № 000111).

4. “Кара-Көл жылуулук менен жабдуу” муниципалдык ишканасы Кыргыз Республикасынын лицензиялык-уруксат берүү тутумунун, Кыргыз Республикасынын отун-энергетикалык комплекси чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын талаптарын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын

Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин чечимдерин милдеттүү түрдө аткарууну камсыз кылсын.

5. “Кара-Көл жылуулук менен жабдуу” муниципалдык ишканасына төмөнкүлөр милдеттендирилсин:

- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин суроо-талаптарына ылайык маалыматтарды үзгүлтүксүз жөнөтүү;

- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча Департаменттин 2024-жылдын 25-январындагы № 17 “Отун-энергетикалык комплекси тармагында ишмердүүлүктү ишке ашыруу боюнча кварталдык отчеттордун формаларын бекитүү жөнүндө” буйругуна ылайык отун-энергетикалык комплекси тармагында лицензияларды алышкан ишмердүүлүктү ишке ашыруу боюнча отчетту квартал сайын берүү.

6. Лицензияларды алуу үчүн берилген документтердин толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик “Кара-Көл жылуулук менен жабдуу” муниципалдык ишканасынын директоруна жүктөлсүн.

7. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин лицензиялоо жана контролдоо башкармалыгы отун-энергетикалык комплекси жаатындагы иштин айрым түрлөрүнө лицензиялардын реестрине тийиштүү маалыматтарды киргизсин.

8. Маалымат катчы ушул буйрукту жалпыга маалымдоо үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жарыяласын.

9. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо жагы Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г.И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т.Э. Орозалиев**